***Ж.А. Артыкова,***
*К.Карасаев атн. БГУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНДА *КУБАНУУ* ЭМОЦИЯСЫНЫН БЕЙВЕРБАЛДЫК КАРАЖАТТАР АРКЫЛУУ ТУЮНДУРУЛУШУ

*Бул макалада «Манас» эпосундагы* кубануу *эмоциясынын бейвербалдык каражаттар аркылуу берилиши каралат. Бул эмоцияны туюндурган лексикалык топторго талдоо жүргүзүлөт.*

Эмоциянын объективдүү көрсөткүчү болуп анын адамдын жүрүм-турумуна дал келген сырткы манифестациясы болуп саналат. Бирок дайым эле бул көрсөткүч бир эле эмоцияны чагылдырбайт. Тагыраак айтканда, адамдын бир эле кыймылы ар кандай сезимди чагылдырышы мүмкүн, же тескерисинче, бир эле сезим ар кандай ымдоо-жаңсоолор менен коштолушу ыктымал.

Психологдордун изилдөөсү көрсөткөндөй, кубануу - оң эмоциялык абал. Жанындагы адамдарга да оң таасирин тийгизип, сүйлөшүүдө жакшы жыйынтык берет.

В.А.Лабунскаянын эмоциялык абалдын мимикалык коддорун жасаган классификациясын карап көрөлү. Кубанган адамдын оозу жабык же бир аз ачылгандай болуп, эриндеринин бурчтары өйдө көтөрүлүү менен, көздөрү узатасынан кетип же бир аз чоң ачылган калыбында, көзү жалжылдап, кашы жогору көтөрүлөт. Каштын ички бурчтары да жогору көтөрүлгөн абалда, чекесинде горизонталдуу сызыктар пайда болуп, бет динамикалуу абалда болоорун белгилеп кеткен [1].

Кубануу эмоциясын ырахаттануу, ыраазы болуу, сүйүнүү, шайыр болуп жыргап-кууноо сезимдерин жандап келип, тилде аларды оң маанидеги лексемалык компоненттер коштойт.

Лингвист Е.А.Булахтын изилдөөлөрүндө *кубануу* эмоциясы аркылуу социалдык байланыштардын эмотивдери түзүлүп, терс эмоцияны жок кылып, оң маанидеги лексемалар дайыма жанында жүрөт. Алсак, жүзү нурлануу, жылмаюу, жаркылдоо, көзү жоодуроо, бурала басуу, көзү нурлануу, кашкая күлүү, барбаюу ж.б. [2: 16].

Текст ичинде *кубануу* эмоциясын берүүдө, негизинен, мимиканы чагылдырган этиш сөздөр колдонулат. Мисалы: жылмайды, күлдү, сүйүндү ж.б. Төмөндө алардын ар биринин семантикалык маанисине, эпостун ичинде бейвербалдык каражат катары кызмат аткарышына талдоо жүргүзүп көрөлү:

***Кубануу*** – кубанычта болуу, сүйүнүү, шаттануу, көңүлү көтөрүлүү [КТС2: 87]. Адам баласы жашоосунда кандайдыр бир жагымдуу, көңүлгө туура келген окуя болсо маанайы көтөрүлүп, кубануу сезимине ээ болот. Албетте, мындай учурда адам организиминде да өзгөрүү болуп, көздөрү жайнап, баскан турганы жайдары болуп, күлкүсү чыгып, ууртунда жылмаюу пайда болот. Манасчылар эпосто мындай көрүнүштөрдү угуучуга таасирдүү лексемаларды колдонуу менен жеткиргенге аракет кылышкан. Мисалы: *Акбалта көрүп акыры, «Сүйүнчү!»-деп бакырды. Кубангандан бай Жакып: «Не дейсиң»-деп чакырды* [СО: 36]. Эгер бул ыр саптарын оозеки түрдө манасчынын оозунан уксак, анда анын үнү көтөрүңкү маанайда болуп, кубануу тууралуу маалымат берет. Ал эми жазууда ошол эмоция илептүү белги менен көрсөтүлгөн.

Кубануунун негизги синоним сөзү - *сүйүнүү, жыргоо.* Ал кубануу, шаттануу, сүйүнүү, көңүлү куунак болуу, маанайы ачык, күлүү деген маанини берет [КТС2: 467]: *Жоо дегенде сүйүнүп, Эр мүчөлүү бейтаалай, Эркектин кийимин кийинип, Ашып-шашып кенебей* [СК: 499].

Кубануу сезиминин натыйжасын адамдын жылмайганынан, күлгөнүнөн, керек болсо ыйлаганынан, жүзүндөгү ар кандай физиологиялык өзгөрүүдөн көрө алабыз. Эпосто каармандардын кубануусу да ар түрдүү бейвербалдык каражаттарды туюндурган лексемалар аркылуу чагылдырылат:

***Жаркылдоо*** – кабагы жарык, жайдары мүнөздө болуу, көңүлү шат болуу [КТС1: 518]: *Калк ичинде сайрады, Сүйлөгөндө баркылдап, Кейиштүү кыргыз ал журтка, Кеп баштады жаркылдап* [СК: 109]. *Жаркылдап* сөзүнүн уңгусу *жарк* деген кыймыл-аракеттин тездигин билдирүүчү элестүү сөздөн жасалып *–ылда (-илде, -илде, -үлдө)* - тууранды сөздөн этиш жасоочу татаал мүчөнүн жалгануусу менен пайда болду. Адамдын сырткы өңү-түсү, кабагынын ачык болушу менен *жарк* этип көрүнгөндөй элес калтыруусунан улам ушул лексема тилибизде колдонулат.

***Жылмаюу*** – күлүмсүрөө, күлүмсүрөгөн кейипте болуу [КТС1: 625]: *Жылмайып басып байбиче, Элечектен каш чыгып, Эки көздөн жаш чыгып, Байбиче келип турганы* [СО: 31].

***Күлүү*** – күлкү келерлик кеп-сөз укканда же тамашага, кандайдыр бир окуяга карата көңүлү көтөрүлүп, шаттанып, кубанып турганда ж.б. өзгөчө сезимин билдирип каткыруу, кыткылыктоо, жылмаюу аркылуу күлкүсүн чыгаруу. Жадырап-жайнаган абалда, шаңдуу-шат көрүнүштү билдирүүдө колдонулат [КТС1: 132]: *Жабын-абын сөздөрү, Кытай экен билгени. «Кудай бизге берди!-деп», Кыраан Манас күлгөнү* [СО: 177]. *Күлдү журттун баарысы: «Нээти менен айтат!»-деп, Күңгүрөп күлүп калганы* [СО: 104]. *Таанып келди-деп, айтып, Каткырыгы баш жарып Катуу күлүп калышып* [СО: 1085].

***Каткыруу*** – көңүлү көтөрүлүп, көңүлү куунак болуп турганда үнүн катуу чыгарып күлүү, каткырык салуу [КТС1: 804]: *Каткырыгы_баш жарып, Катуу күлүп калыптыр* [СО: 1060]. *Жети күнү, жети түн Жыйылбай оозум бүпбүтүн, Каткырыгым баш жарып, Катуу күлүп мен карып* [СО: 1096]. Тилибиздеги *каткырыгы баш жаруу, каткыруу* сөздөрү *кат* этишинен *каткы* сөзү жасалган.

***Оозу жыйылбоо*** – күлкүсүн тыя албоо, аябай күлүү, токтоно албоо [КТС2: 317] деген маанисинде берилип жатат. Адамдын көңүлү көтөрүлүп, күлүп турганда, оoздун кыймылы активдүү катышат: *Жети күнү, жети түн Жыйылбай оозум бүпбүтүн, Каткырыгым баш жарып, Катуу күлүп мен карып* [СО: 1096].

***Санын чабуу*** – аябай ыраазы боло кубанып, каткыра күлүп, көңүлү ачык болуп олтургандын белгиси катары кабыл алынат: *Шаңкылдап күлүп эр Манас Санын чаап алганы: «Ырас айтат Серегим, Ыгы менен ар качан Тийип калат керегиң»* [СК: 818]. Чын дилден кубанып каткыргында жана өкүнүп калганда колу менен жоон санын чаап койгон бейвербалдык кыймыл-аракети жасаларын байкадык.

Күлүү эмоциясы негизинен адамдын жакшы маанайда болгон абалында пайда болсо да, кээ бир жагдайларда адам корккондо, шылдың кылганда, кошомат кылган учурларда күлүшү мүмкүн. Эпосто мындай маанидеги күлүү да жок эмес:

А) кошомат кылуу - *Айкөл Манас шерине Арсаңдап күлүп эки эр, Тартуу кылып эки атын: «Күнөөбүз кеч!»- деп турду эми* [СК: 586].

Б) шылдыңдоо - *Журттун коркуп калганын Каны Темир билди эми, Биле коюп ошондо Мыйыгынан күлдү эми. «Атаңдын көрү, жаман эл, Куудай сакал карыңды, Кудай алсын баарыңды!»* [СК: 539].

***Жүзү нурлануу*** – адамдын өңү, бети, ырайы кубангандан күлүңдөп, нурдануусу, жүзү жагымдуу болуп нур чайып туруусу, кубангануу эмоциясын адам беттин мимкалык бырыштары, оoздун, көздүн, каштын, жаактын кыймылы аркылуу берилет: *Токойдон чыгып буралып, Толук жүзү нурланып, Меңдибай чыгып келгени* [СО: 24].

***Кашкаюу*** – жүзү жарык, жайдары көрүнүү, ачык-айрым көрүнүштө болуу, аппак тиштери жаркырап, күлгөнүнөн көрүнүп турган абалы [КТС1: 813]: *Каалгадай кашка тиш, Калайыктан башка тиш Кашкайып чыгып алыптыр, катуу күлүп эр Манас каткырыгын салыптыр* [СО: 1084].

***Көзү жайноо*** – кабагы ачык, көңүлү көтөрүңкү болуп кубанып, сүйүнүп турган абал: *Бурулчаны көргөндө, Бууругуп Алмаң туралбай, Азизкандын жалгызы Чолпондой көзүн жайнатып, боюнда жабдык кыңгырап, Басып кирди ордого* [СК: 674]. *Көзү жайноо* деген этиштик сөз айкашы, кубанган абалдын көз аркылуу берилиши сүрөттөлүп жатат. Кандай гана эмоциялык абал болбосун (кайгыруу, таң калуу, уялуу, жакшы көрүү, жаман көрүү ж.б.), эң активдүү катышып, адамдын жан дүйнөсүндөгү болуп жаткан абалды, ички сезимин таамай чагылдырган көз болуп эсептелинет. В.Ключевский: Көз-жаныбыздын күзгүсү эмес, ал анын терезеси, ал аркылуу көчөнү көрөт, бирок көчө дагы жаныбызды көрөт деп белгилеп кеткен [7: 295-305].

***Жоодурап көзүн кароо*** – маанайынын жакшы экени, кубанып турган абалында адамдын көз-карашы да өзгөрүлүп, кабагы ачылуу менен көздөрү да балбылдап, күлүңдөгөн абалы: *Жоодурап көзүн карады, Жолборстук сыны тарады* [СО: 1079].

***Жүрөгү акылдоо*** – кээ бир учурларда кубанганда, жакшы сезим пайда болгондо, кубанычтуу окуя болгондо жүрөгү элеп-желеп болуу деген лексемалар менен берилет: *Умачтай көзү ачылып, Сүйүнүп жүрөк акылдап, Ошол кезде таманы жерге такылдап* [СК: 126].

***Жүрөгү алып учуу*** – толкундануу, кубанганда, жүрөгү ээ-жаа бербей түрсүлдөп согушу [КТС2: 87]: *Алмамбеттин жүрөгү, Алып учуп_дегдеди, Асы тынчтык бербеди* [СО: 1023].

***Жүрөгү дегдөө*** – көңүлү эргип, токтоно албай, алеп-желеп болуу кандайдыр бир кубанычтуу нерсени күткөндөй тынчсыздана берүү [КТС1: 607]: *«Бала туур бекен!?»-деп, Бай Жакып жүрөк дегдеди* [СО: 31].

***Жүрөгү болкулдоо*** – аябай толкундоодон, сүйүнгөндөн жүрөк эти туйлоо, жүрөк кабынан чыгып кетүүчүдөй абалды сүрөттөп жатат: *Торучаарды көргөндө «Баабедин»-деп бакырып, Жылкычысын чакырып, Боконо жүрөк болкулдап, Көкүрөгү кирилдеп* [СО: 69].

***Муруту сүюлуу*** – кубанып, күлүп турганда, маанайы ачык болгондо бети жайылып кеткенин билдирип жатат: *Абасы Бакай көк жалдын, Муруту кетти суюлуп, Сүйүнгөндөн чыдабай, Эки көздөн аккан жаш, Акырек ылдый куюлуп* [СК: 371]. Бул бейвербалдык каражат татаал этиштик форма менен берилип, *муруту* деген сөзү алгачкы *мурут түк* деген эки сөз биригип, ошол эле учурда кыскарып кетишинен турушу мүмкүн: *мурунтүк<муру(н) т(үк)>мурут. Түк* сөзү *чач, сакал, жүн* деген мааниде. Демек, кубанып күлгөн кишинин бетиндеги сакалы, муруту бетине жайылган абалын элестетип жатат.

***Мурутунан күлүү*** дегендин ордуна *мыйыгынан күлүү* деп айтууга болот. Анткени *мыйык* сөзү башка түрк тилдеринде *быйык, мыйык, бызык, бытык* түрүндө *мурут* маанисинде айтылат [8: 184].

***Мурду барбаюу*** – кээде *мурду дердейүү* деген синонимдери аркылуу тилибизде берилет, мактануу, өзүн сыймыктуу сезүү, кубануу [КТС2: 259]: *Сүйүндү Манас дардайып, Чаначтай мурду барбайып, Көк арслaндай чамынып Жаратканга жалынып* [СК: 371].

***Кабагы ачылуу*** – аябай капа болуп, кайгыга түшкөн адамдын көңүлү жайланып, муңу басылып, тилеги орундалып, көксөгөнү табылып, кубануусу. Муңканган кебетеси кубанганды билдирген жүзүнүн, кабагынын өзгөрүлүшү: *Аман болсо Манасың, Куйүттүү кабак ачылат, Күйүккөн жүрөк басылат* [СК: 96]. *Кабак ачылат* этиштик сөз айкашындагы, көз караш менен каштын ортосундагы аралыкты билдирген *кабак* сөзү *кап+ак* бөлүктөрүнөн куралган. Сөздүн уңгусу *кап* этиши, ал *жап* маанисин берет. Ага этиштен зат атооч жасоочу *–ак* мүчөсү жалганып, *кабак* сөзү келип чыккан. Кабак сөзү алгач жапкыч, жапма дегенге жакын маани берген. Анткени, адам көзүн жумганда жана ачканда кабак кыймылдайт, көздүн асты бир калыпта турат [8: 123].

***Арстан түрү тарады*** – кабагы ачылып, жини тарап, көңүлү көтөрүлүү, кубануу: *Адамдай көзү карады, Арстан түрү тарады, Жоодурап көзүн карады, Жолборстук сыны тарады* [СО: 1079]. «Манас» эпосунда арстан, жолборс күчтүн, ачуунун, каардуулуктун, тайманбасыктын символу катары берилген. Демек, кубануу абалындагы көрүнүштө арстан, жолборстой сүр болбойт.

***Бою ысуу*** – жакшы сөздү укканда адамдын кубануу сезими пайда болгондо дененин табы да көтөрүлөт, бул бейвербалдык каражатты тердөө, кызаруу, ысуу, дем алуунун оорлошу ж.б. түрдүү бейвербалдык каражаттар коштоп олтурат: *«Айтканыңды кылайын, Акыр сенин ышкыңа, Аманат жаным кыяйын!» Муну сүйлөп салганы, Нургузарың кызыны Угуп бою ысыды* [СО: 211]. *Бою ысыды* этиштик сөз айкашы кээ бир контекстик маанилерине жараша *денеси ысыды, жүрөгү жылыды, бети ысыды* сыяктуу лексемалар аркылуу, ошол кездеги адамдын ички эмоциялык абалын билдирип жатат.

***Тула бою дирилдөө*** – калтыраган, титирегендей абалда болуу, дир-дир этүү [КТС1: 425]: *Боконо жүрөк болкулдап, Көкүрөгү кирилдеп, Тула бою дирилдеп* [СО: 69]. *Тула бою дирилдеп* туруктуу сөз айкашы, *тула бою* деген зат атооч сөзү адамдын тулку бою, денеси деген маанини билдирет. Кубануу, толкундануу эмоциялык абалын турган-турпаты да чагылдырып, толкундануудан пайда болгон дененин кыймылын түшүндүрүп жатат. Ага *дир* деген тууранды сөздөн пайда болгон *дирилдеп* этиши айкашып келип жатат.

***Кубануудан ыйлоо***: *Баатыр касаба тоодой көрүнүп;. Алмамбет, Чубак, Бакайдын Көргөндө көөнү бөлүнүп, Көрүшө албай калчуудай, Эрлердин көзүнүн жашы төгүлүп, Атасын көргөн балдардай, Кырк чоросу чуркурап, өлбөй тирүү көргөнгө Баарысы ыйлап буркурап* [СК: 1440]. *Сүйүнгөн бир, корккон бир, Көзүнүн жашы төгүлдү. Аккан жашы бурчактап, Арстандардын баарысын, Амандашып кучактап* [СК: 1445].

***Көздөн жаш чыгуу*** – кубангандан, толкундангандан көзү нымдашып, жаш чыгуу: *Жылмайып басып байбиче, Эки көздөн жаш чыгып, байбиче келип турганы* [СО: 31].

***Сакалдан жашы төгүлүү*** – адам негизинен эки учурда ыйлайт: биринчиси капа болуп кайгырганда, экинчиси кубанганда. Улгайган киши кубанып ыйласа, көздөн аккан жаш сакалынан ылдый кулап жатканын сакалдан жашы төгүлүү лексемасы менен берилет: *Каралдым балам келдиң-деп, Кадыр Алдам бердиң-деп, Бай Жакып ыйлап баркырап, Сакалдан жашы төгүлүп, Жамгырдай болуп жаркырап* [СО: 1089].

***Жашын тыйбоо*** – мууну бошоп, толкундоодон, кубангандан көз жашын тыйбай ыйлоо: *Бала жерде туйлады, Бар-бар этип ыйлады. «Эркек бекен, кыз бекен, Мага качан айтат?!»-деп, Байбиче жашын тыйбады* [СО: 33].

Мында кубануу эмоциясындагы кыймыл-аракеттин кандай мүнөздө, деңгээлде өтөөрүн көрсөтүп жатат. Негизинен, адам кубанганда жана кайгырган эмоцияларында көзүнөн жаш чыгат. Демек, бир эле бейвербалдык каражат эки башка эмоциялык көрүнүштө аткарылып жатат.

***Бакыруу*** – *Акбалта көрүп акыры, «Сүйүнчү!»-деп бакырды. Кубангандан бай Жакып: «Не дейсиң?»-деп чакырды* [СО: 36]. Бул жерде катуу кыйкырганды билдирүүчү этиш *баа* деген дабыш тууранды сөзгө этиш жасоочу *– кыр* мүчөсү жалгануудан пайда болгон [Сейдакматов 1980: 45].

***Кыйкыруу*** – катуу үн чыгаруу, бакыруу [КТС2: 163], адам кубангандан да катуу үн чыгаруу менен өзүнүн эмоциясын билдирет жана да сүйлөп жаткан сөзүнө кубанычын коштогон шаңдуу кыйкырык бейвербалдык фонациялык каражат коштойт: *«Келиңер!» - деп, кыйкырып, Арстан эрдин бу күндө, Ач кыйкырык жаңырды, Кызмат барбы бизге?-деп, Кыраандан сурап салышты* [СК: 1056]. Байыркы түрк тилинде *кы* сөзү биреөнү кыйкырып чакырууда колдонулган. Мисалы: Кы, бери кел! Ой, бери кел! Ага этиш жасоочу *–кыр* мүчөсү жалганып, *кыкыр* сөзү келип чыккан. Кийин уңгунун аягына *й* тыбышы уланып, *кыйкыр* түрүнө келген [8: 169]. Ф.Фолсомдун жана Н.Я.Маррдын көз караштары боюнча оозеки сүйлөшүүнүн негизги каражаты болгон ымдоо-жаңсоо белгилери адамдын аң-сезими, психологиясы менен тыгыз байланышта жана бул белгилердин тилдин пайда болушуна өбөлгө түзгөн. Алгачкы адамдар бейвербалдык каражаттардын тобуна кирген фонациянын элементтерин, б.а. кыйкыруу, ыйлоо, кубанганда жана кайгыргандагы үн каражаттарын колдонуп, тилдин келип чыгуусуна өбөлгө түзгөн дейт [9: 11]. Демек, кубануу эмоциясындагы кыйкырып чыккан үн бейвербалдык каражаттардын эң эскиси болуу менен, бул жерде *келиңер* деген сөздү коштоо менен, айтып жаткан адамдын көңүлү куунак экендигин, фонациянын элементтери аркылуу берилеп айтылып жатат, жазууда тийиштүү тыныш белгилер коюлат.

***Баркылдоо*** (*барк+ылда*) – барк-барк этип үн чыгаруу, көңүлү көтөрүлүп турганда кубанган кезде адамдын үнү бийиктеп, бакылдап сүйлөө, фонациялык бейвербалдык каражаттарга кирет: *Ак шумкардай баркылдап, Ак сакалы жаркылдап, Кара тилин кайрады* [СК: 165]. *Бала каздай баркылдап, Балбан Кошой абакең, Ак сакалы жаркылдап* [СК: 288].

***Ураан чакыруу*** – кубанганда, коштоп, сүрөп турганда айтылуучу чакырык. Мисалы: кыргыздарда хан көтөргөндө ошол адамдын атын айтып, ураан чакырган, бул фонациялык каражат аркылуу ошол адамдын хан болушуна тилектештигин, каршы эмес, кубануу менен кабыл алып жаткандыгын туюнтат. Ошондой эле аш-тойлордо байге сайылып, ат чабыш, эр сайыш ж.б. учурларда ураан чакырылган: *Сүйүнгөндөн баарысы «Кайкайлап» ураан чакырып* [СК: 190]. *Маңдайдан чыкты бакырык, «Манастап!» - ураан чакырып* [СК: 427].

***Үшкүрүү*** – адам бир эле кайгырганда же капаланганда эле үшкүрбөстөн, аябай сүйүнгөндө жүрөгү элеп-желеп болуп, толкунданып турганда да ошол абалын үшкүрүү аркылуу билирт: *Көргөндө Манас үшкүрүп, Сүйүнгөнү эмеспи, Баладай чуркап жүгүрүп, Аколпокту кийинип, Аккелтени колго алып* [СО: 732].

Кыргыз тилинде адамдын ичинен кубангандыгын туюндурган да сөздөр бар: *кымтыңда, кымпылда, кымый, кымылда* ж.б. Окумуштуу З.Дербишева бул этиштер боюнча мындай аныктама берет: «Эти глаголы используются для описания человеком внутренного состояния, которое ни внешне, ни на лице ничем не выдаются, ни как не проявляются [10: 300].

Кубануу сезими адамдын үнүнөн, көзүнөн гана билинбестен, анын жалпы баскан-турганында да өзгөрүү пайда болот. Эпостогу каармандардын кубануу сезими алардын жүрүм-турумуна таасир этип, тиешелүү лексемалардын жардамы менен текст ичинде чагылдырылган:

***Баладай чуркап жүгүрүү*** – кубангандан бир орунда тура албоо, тез-тез басып, чуркоо бутунун кыймылы менен адамдын көңүлү шат болуп, ачык экендигин билдирет: *Сүйүнгөнү эмеспи, Баладай чуркап жүгүрүп, Аколпокту кийинип, Аккелтени колго алып, Жаны ордуна келгенде* [СО: 734]. Кубануу эмоциясындагы абалда адамдын ички оң эмоциялык энергиясы бат-бат кыймылы, чуркоосу, секирүүсү сыяктуу кыймыл-аракеттер менен коштолоору бышык. *Баладай чуркап жүгүрүү* бейвербалдык каражатынын лексемасы, көңүлүндө кири жок, чын жүрөктөн сүйүнүү менен жасалып жаткан кыймыл-аракет экендиги көрүнүп турат.

***Бурала басуу*** – шашпастан, өзүнө ишенгендей кадамы, басуусу. Көңүлү жайланып, кубанып тургандагы дененин кыймылы: *Токойдон чыгып буралып, толук жүзү нурланып, Меңдибай чыгып келгени, Сабыркап турган Жакыпка, Саламды бала бергени* [СК: 110].

***Шат болуу*** – шаңдуу, көңүлдүү, куунак, шайыр деген түшүнүктү берет [КТС2: 785], кабагы ачылып, шатыра-шатман сүйлөө, кыймыл-аракети да тез, энергиялуу болгондо айтылат: *Кубанбаган бир жан жок, Куп дебеген тири жан жок. Шат болбогон бир жан жок, Жамандык ойлоор тири жан жок* [СО: 1090]. *Шат* сөзү тууралган дабыштын кескиндигин, кыскалыгын билдирген табыш тууранды сөздөн болуп, ага этиш сөзүнүн айкалышы менен айтылып жатат.

***Дардаюу*** – адам сүйүнгөндө, кубанып, көңүлү жай алып турганда, дене-боюн бош коюп, бүжүрөйбөй, чалкалап турган калыбында болот, ошол учурун тилдик каражат аркылуу дардаю, кубанычы койнунда ж.б. терминдер менен берилет: *Сүйүндү Манас дардайып, Чаначтай мурду барбайып, Көк арсландай чамынып, Жаратканга жалынып* [СК: 348].

***Барбактоо*** – бапырандоо, барбалаңдоо, дардалаңдоо [КТС2: 87], кубангандан далда?дап, калдастаган адамдын кыймылы: *Калча десем Коңурбай, Барбактап калат экенсиң, Оолуга түшүп, сен мага, Калдактап калат экенсиң* [СК: 770]. *Барбактоо, дардактоо, калдактоо* кыймыл-аркеттеринин берген мааниси бирдей болуп, ыр саптарынын уйкаштыгына жараша тыбыштык жактан өзгөрүп, эпостогу каармандардын образын ачып берүүдө чоң жардамга келет.

***Карпаңдоо*** – барпаң-барпаң этүү, барпаңдоо [КТС1: 793], кубанып, кубанычы койнуна батпай турганда далдаңдап, колу-буту туш келди эпсиз кыймылдап, бир орунда турбай, колу-буттун, дененин барпаңдаган кыймыл аракети: *Карыса да карпаңдап, Кары буурадай тартаңдап* [СК: 679]. *Карп* тууранды сөзүнөн *–аң* тууранды сөз жасоочу мүчөсү жалганып, *-да* этиш жасоочу мүчө аркылуу жасалды.

***Электөө*** – *Бакдөөлөт жүрөт электеп, Берейинчи тоюңду, Анан карап келип турайын Катындар сенин жоюңду. Чакыргын!-деп күлдүрдү* [СК: 117]. Элеп-желеп болуп толкундануу, чыдамын жоготуу деген мааниде келип жатат.

Кыргыз тилинде кубануу сезиминин адамга таасир этишин көркөм, образдуу баяндаган фразеологизмдер да бар:

***Жарылып кетер жүрөгүм*** – кубангандан, сүйүнгөндөн жүрөгү элеп-желеп болгон, эмоциялык абалын туюндурат: *Бала жоктон жүдөдүм, «Эркек!»-деп, бирөө жүгүрсө, Жарылып кетер жүрөгүм* [СО: 32].

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» эпосунда кубануу сезими башка эмоциялык каражаттарга (ачуулануу, кайгыруу, коркуу, сыйлоо, таң калуу ж.б.) салыштырмалуу аз кездешерин байкадык. Мунун себеби, окуянын жалпы жүрүшүндө, негизинен, көңүл чордону кыргыз эли-жерин коргогон баатырлар жөнүндө баяндалгандыктан, согуш темасы, басып алуучулук, калмак-кытайлардын кол салышы, зордук-зомбулук сыяктуу көрүнүштөр баяндалып, ачуулануу эмоциясына караганда эмнегедир кубануу эмоциялык абал аз сүрөттөлгөндүгүнөн болсо керек. Ошентсе да, кубануу эмоциялык абалын чагылдырган түрдүү бейвербалдык каражаттарды лексемалаштырып сүрөттөгөн 120 лексикалык бирдик табылды.

***Адабияттар***


1. Лабунская, В.А. Невербальное поведение: структура и функции / В.А.Лабунская. – *Ростов*: Изд-во *Ростов*, ун-та, *1986*. – С.5-35.
2. Булах, Н.А. Предположительные вопросы и средства их выражения в современном немецком языке: автореферат дис....канд. филол.наук / Н.А.-Булах. – Пятигорск, 1997.
3. КТС 1 - Кыргыз тилинин сөздүгү. Биринчи бөлүк. -Б.: «AVRASYA PRESS», 2011.-880б.
4. КТС 2 - Кыргыз тилинин сөздүгү. Экинчи бөлүк. -Б.: «AVRASYA PRESS», 2011.-891б.
5. СО - Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. / Түз.: С.Мусаев – Б.: Хан-Теңир, 2010. - 1840б.
6. СК - Манас: С.Каралаевдин варианты 6-ча / Түз.: А.Жайнакова, А.Акматалиев. - Б.: «Турар», 2010. - 1008б.
7. Ключевский, В.О. Сочинения: М., 1959. Т. VIII.
8. Сейдакматов, К. Кыргыз тилиндеги сөз маанисинин жана варианттарынын өнүгүшү / К.Сейдакматов. – Ф., 1982. – 135 с.
9. Фолсом, Ф. Книга о языке / Ф.Фолсом. – М.: Изд. Дом. Прогресс, 1974.
10. Дербишева, З. Кыргызский этнос в зеркале языка, Монография / З.Дербишева. – Б., 2012. – 404 с.